Бишкек шаары
2013-жылдын 9-апрели N 181

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

## "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына жалпы мамлекеттик сынак өткөрүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 17-февралындагы N 105 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо жөнүндө" токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине түрткү берүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Тиркелген: "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына жалпы мамлекеттик сынак өткөрүү тартиби жөнүндө Жобо (мындан ары - Жобо) бекитилсин.

2. "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына жалпы мамлекеттик сынактын байге фонду төмөнкүдөй белгиленсин:

- 1-орунга - 3,0 (үч) млн. сом;
- 2-орунга - 2,0 (эки) млн. сом;
- 3-орунга - 1,0 (бир) млн. сом.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, райондордун жергиликтүү мамлекеттик администрация башчылары бул токтом күчүнө кирген күндөн баштап отуз күндүк мөөнөттө:

- айыл өкмөттөрүнүн ортосунда "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына жалпы мамлекеттик сынакты (мындан ары - сынак) даярдоо жана өткөрүү боюнча уюштуруу иштерин жүргүзүшсүн;
- сынак өткөрүүнүн жүрүшүн контролдоону жана байгелүү орундарга талапкерлерди көрсөтүүнүн ачыктыгын камсыз кылышсын;
- сынак өткөрүү жана жыйынтыгын чыгаруу боюнча облустук жана райондук комиссияларды түзүшсүн;
- сынак өткөрүүнүн жүрүшүн жана жыйынтыктарын жалпыга маалымдоо каражаттарында кеңири чагылдырууну камсыз кылышсын.

4. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 29-мартындагы N 177 "Социалдык-экономикалык реформаларды тереңдетүү жана жакырчылыкты азайтуу боюнча областтар, райондор, шаарлар жана айыл өкмөттөрүнүн ортосунда республикалык сынак уюштуруу жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 24-январындагы N 33 "Кыргыз Республикасынын айылдагы калктуу конуштарын абаттоо жана социалдык инфраструктурасын өнүктүрүү боюнча сынактарды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу" токтому.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттикке жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

"Эркин Тоо" газетасынын 2013-жылдын 12-апрелинде N 28 жарыяланды

Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Ж.Сатыбалдиев

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2013-жылдын 9-апрелиндеги
N 181 токтому менен
бекитилген

## "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына жалпы мамлекеттик сынак өткөрүү тартиби жөнүндө ЖОБО

1. Жалпы жоболор
2. Сынактык комиссиялар
3. Сынакты өткөрүүнү уюштуруу
4. Сынактын жеңүүчүлөрүн аныктоо
1-тиркеме. "Эң мыкты айыл өкмөтү" конкурсуна айыл өкмөтүнүн катышуусуна арыздын формасы
2-тиркеме. "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына конкурстук тандоону жүргүзүү үчүн айыл өкмөтүнүн ишин баалоо критерийлеринин матрицасы
Сөздүк

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо айыл өкмөтүнүн калктын жашоосуна эң жакшы шарттарды түзүүдөгү иштерин колдоо, айылды көрктөндүрүү, келбетин жакшыртуу, айыл чарба жана өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмдөрүн өстүрүү, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү боюнча ишканаларды өнүктүрүү, жумуш орундарын түзүү; ишкердикти жана айыл чарба кооперативдерин өнүктүрүү; жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн түзүү, дотациялык төлөөлөрдү кыскартуу, инвестицияларды тартуу; инженердик жабдууларды жана санитариялык-эпидемиологиялык абалды жакшыртуу максатында иштелип чыкты, ошондой эле "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына жалпы мамлекеттик сынакты (мындан ары - сынак) өткөрүү тартибин, сынакта 1-3-орундарды алган жеңүүчүлөрдү аныктоо тартибин аныктайт.

2. Сынак жыл сайын өткөрүлөт. Сынакка айыл өкмөтү жайгашкан аймактагы райондун сынактык комиссиясына арыз берүү жолу менен ар бир айыл өкмөтү катыша алат.

3. Сынактык комиссиялардын курамы жыл сайын сынак башталганга чейин жаңыртылып турат.

4. Сынак отчеттук мезгилден кийинки жылдын бешинчи айынын биринчи жумушчу күнүнөн тартып башталат.

5. Райондук жана облустук деңгээлде сынак өткөрүүнү жана анын жыйынтыктарын чыгарууну жалпы координациялоо Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан түзүлүүчү жалпы мамлекеттик сынактык комиссия ишке ашырат.

## 2. Сынактык комиссиялар

6. Сынак райондордун жана облустардын деңгээлинде түзүлүүчү сынактык комиссиялар тарабынан өткөрүлөт. Райондун сынактык комиссиясы райондун мамлекеттик администрациянын башчысы - акими, ал эми облустун сынактык комиссиясы - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан түзүлөт.

7. Райондун сынактык комиссиясы билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, спорт мекемелеринин, райондун мамлекеттик администрациясынын аппаратынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, жерге жайгаштыруу, ошондой эле турак жай-коммуналдык чарба органдарынын, жарандык коомдун, өкмөттүк эмес уюмдардын, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн ж.б. ичинен беш кишиден кем эмес санда түзүлөт.

8. Облустун сынактык комиссиясы билим берүү, саламаттык сактоо мекемелеринин, жарандык коомдун, өкмөттүк эмес уюмдардын, саясий партиялардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарынын өкүлдөрүнүн ж.б. ичинен беш кишиден кем эмес санда түзүлөт.

9. Сынактык комиссиялар өз ишин отурумдарды өткөрүү, тиешелүү айыл аймагын кароо, турак жай-коммуналдык чарба мекемелерине, билим берүү, саламаттык сактоо, маданият жана спорт мекемелерине баруу, ошондой эле калкты сурамжылоо, айыл өкмөтүнүн документтерин текшерүү ж.б. жолу менен жүргүзүшөт.

10. Сынактык комиссиялардын отурумдары, эгерде ага комиссиянын мүчөлөрүнүн 2/3ден кем эмеси катышса мыйзамдуу болуп саналат. Сынактык комиссиялардын чечими отурумга катышкан комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат. Добуштар бирдей болуп калган учурда, сынактык комиссиянын төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат. Сынактык комиссиянын жыйынтыктоочу отурумунун протоколуна төрага жана катчы кол коет.

## 3. Сынакты өткөрүүнү уюштуруу

11. Сынак маалымат өнөктүгүн жүргүзүүнү кошкондо үч этапта өткөрүлөт.

12. Биринчи этапта айыл өкмөттөрүнүн жалпы мамлекеттик сынакка катышууга арыздары каралат. Арыздар ушул Жобонун 4-пунктунда көрсөтүлгөн күндөн баштап он күндүн ичинде берилет.

13. Арыздар ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык форма боюнча берилет. Арызга төмөнкүлөр тиркелүүгө тийиш:

- ушул Жобонун 2-тиркемесине ылайык "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына сынактык тандоо жүргүзүү үчүн айыл өкмөтүнүн ишинин критерийлерин баалоо матрицасы;
- баалоо критерийлеринин индикаторлорунун маанисин ырастаган документтер.

Арыздар жана ага тиркелген документтер ушул Жобонун 12-пунктунда көрсөтүлгөн күн бүткөндөн кийин райондун сынактык комиссиясы тарабынан бир айлык мөөнөттө каралат.

Сынактын биринчи этабында райондун сынактык комиссиясы арызга берилген документтердин толук топтомун текшерет. Документтер баалоо матрицасына ылайык каралат жана бааланат.

Сынактын биринчи этабынын жыйынтыгы боюнча комиссиянын эң жогорку баллына ээ болгон ар бир райондон бир талапкер (айыл өкмөтүнөн) тандалып алынат жана талапкерди тандап алуу тууралуу чечим (протокол) облустун сынактык комиссиясынын дарегине жиберилет.

14. Сынактын экинчи этабында облустун сынактык комиссиясы райондон жеңип чыккандардын ичинен эки талапкерди (айыл өкмөтүн) тандап алат жана талапкерди тандап алуу тууралуу чечим (протокол) жалпы мамлекеттик сынактык комиссиянын дарегине жиберилет.

Сынактын экинчи этабынын жыйынтыгы боюнча комиссиянын эң жогорку баллына ээ болгон ар бир облустан эки талапкер (айыл өкмөтү) тандалып алынат жана талапкерди тандап алуу тууралуу чечим (протокол) жалпы мамлекеттик сынактык комиссиянын дарегине жиберилет.

Сынактын экинчи этабы сынактын биринчи этабы бүткөндөн он күн өткөндөн кийин бир айлык мөөнөттө өткөрүлөт.

15. Жалпы мамлекеттик сынактык комиссия облустардан берилген материалдарды карап чыгат жана айыл өкмөттөрүнүн ортосундагы "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына жалпы мамлекеттик сынактын жеңүүчүлөрүн аныктайт.

## 4. Сынактын жеңүүчүлөрүн аныктоо

16. Сынактын жеңүүчүлөрүн аныктоо айыл өкмөтүнүн ишин баалоо критерийлеринин матрицасына ылайык жүргүзүлөт.

17. Айыл өкмөтүнүн ишинин жалпы баасы ар бир багыт боюнча индикаторлордун маанилерин суммалоо жолу менен аныкталат. Сынактын үчүнчү этабынын жеңүүчүсү болуп комиссиянын эң жогорку баллына ээ болгон айыл өкмөтү саналат.

18. "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына жалпы мамлекеттик сынактын жыйынтыктарын чыгарууда биринчи, экинчи, үчүнчү орундар берилет.

19. "Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына жалпы мамлекеттик сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо жөнүндө чечим жалпы мамлекеттик сынактык комиссиянын сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругу менен бекитилет.

"Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына
жалпы мамлекеттик конкурс өткөрүү
тартиби жөнүндө жобого
1-тиркеме

### "Эң мыкты айыл өкмөтү" конкурсуна айыл өкмөтүнүн катышуусуна арыздын формасы

Айыл аймагынын аталышы ______________________________________________

Айыл өкмөтүнүн башчысы ______________________________________________

(Аты-жөнү)

Калктын саны ____________________________________________________
Жооптуу адам ____________________________________________________
(Аты-жөнү)
Телефон: _____________________ Электрондук дарек: _________________
Факс: _____________________________________________________________
Айыл өкмөтүнүн почта дареги: _________________________________________
__________________________________________________________________________
Айыл өкмөтүнүн башчысы: ___________________________________________
(колу)

"Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына
жалпы мамлекеттик конкурс өткөрүү
тартиби жөнүндө жобого
2-тиркеме

"Эң мыкты айыл өкмөтү" наамына конкурстук
тандоону жүргүзүү үчүн айыл өкмөтүнүн ишин
баалоо критерийлеринин
МАТРИЦАСЫ

| N | Критерийлердин аталышы | Индикаторлор | Баллдар | | | | | Баа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча критерийлер жана индикаторлор | | | | | | | | |
| 1 | Социалдык кызматтар | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | |
| 1.1 | Саламаттык сактоо секторун колдоо боюнча иш чараларды уюштуруу | Саламаттык сактоо секторун колдоо боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын саны (саламаттык сактоо уюмдарынын инфраструк- | Өткөрүлбөйт | Өткөрүп жиберүү (балл коюлбайт) | Кээде өткөрүлөт | Өткөрүп жиберүү (балл коюлбайт) | Толук кандуу өткөрүлөт (уюмдун имараты, жанаша жаткан инфратүзүм мамлекеттик стандарт- | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | турасын жакшыртуу, кызмат орундарында кармап калуу максатында медициналык кадрларга турак жай-тиричилик шарттарын түзүү) | | | | | тарга шайкеш келет, кызмат орундарында кармап калуу максатында медициналык кадрларга турак жай-тиричилик шарттары толук түзүлгөн) |
| 1.2 | Калктын ичүүчү суу менен камсыздалышынын деңгээли | Ичүүчү суу менен камсыздалган калктын саны, % | 10%га чейин | 20%га чейин | 50%га чейин | 70%га чейин | 100%га чейин |
| 1.3 | Өткөн жылга | Жакыр | Жакыр | Жакыр | Жакыр | Жакыр | Жакыр |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | салыштырмалуу кедейлик деңгээлинин төмөндөө динамикасы | үй-бүлөлөрдүн санынын төмөндөө динамикасы (ККЭТД+ КЭТЧ+КЧ боюнча суммада) | үй-бүлөлөрдүн саны көбөйүүдө | үй-бүлөлөрдүн санынын төмөндөө динамикасы жок | үй-бүлөлөрдүн санынын төмөндөшү 5%га чейин | үй-бүлөлөрдүн санынын төмөндөшү 10%га чейин | үй-бүлөлөрдүн санынын төмөндөшү 10%дан жогору |
| 1.4 | Коомдук жайларды көрктөндүрүү жана жашылдандыруу | Коомдук жайлардын абалы (сейилбактар, эс алуу зоналары, спорт курулмалары) | Коомдук жайлар жок | Коомдук жайлар иштебейт | Коомдук жайлар бир аз иштейт, толук эмес жашылдандырылган | Коомдук жайлар иштейт, сейилбак зонасынын абалы канааттандыраарлык | Коомдук жайлар иштейт, сейилбак зонасы жана жашылдандыруунун абалы жакшы |
| 1.5 | Тиричилик таштандыларды чогултууну, ташып чыгууну жана утилдештирүүнү уюштуруу | КТТ чогултуу боюнча кызматтын болушу жана аткаруу сапаты | КТТ чогултуу жана кайра иштетүү боюнча кызмат жок, таштан- | КТТ чогултуу дайыма эмес, таштанды жайлар башаламан | КТТ чогултуу дайыма жүргүзүлөт, таштанды жайлар баш- | КТТ чогултуу дайыма жүргүзүлөт, таштанды полигону | КТТ чогултуу жана утилдештирүү боюнча атайын кызмат бар, КТТ чогултуу |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | ды жай жок | | аламан | ченемдерге жооп бербейт | дайыма жүргүзүлөт, таштанды полигону ченемдерге жооп берет |
| 1.6 | Маданий-эс алуу жана спорттук иш-чаралар чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүнү уюштуруу | Маданий объекттердин бар болушу, абалы | Маданий объекттер жок | Маданий объекттер иштебейт | Маданий объекттер толук эмес иштейт, имараттар жана курулмалардын абалы канааттандыраарлык эмес | Маданий объекттер жетиштүү деңгээлде иштейт, имараттар жана курулмалардын абалы канааттандыраарлык | Маданий объекттер толук иштейт, кызыкчылыктар боюнча ийримдер бар, имараттардын абалы жакшы |
| 1.7 | Коомдук тартипти | Кылмыштуулуктун жалпы | Төмөндөө | 5%га чейин | 10%га чейин | 20%га чейин | 20%дан жогору |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | сактоо | деңгээлинин көрсөткүчтөрүнүн төмөндөшү, % | динамикасы жок | | | | |
| | Социалдык кызматтар боюнча индикаторлордун жыйынтык баасы: | | | | | | |
| 2 | Экономиканы өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 2.1 | Ишкердиктин активдүүлүгүнүн өсүшү | Жаңы ишканалардын өсүү динамикасы, % | Жаңы ишканалардын санынын өсүү динамикасы жок | Жаңы ишканалардын санынын өсүшү (10%га чейин) | Жаңы ишканалардын санынын өсүшү (20%га чейин) | Жаңы ишканалардын санынын өсүшү (50%га чейин) | Жаңы ишканалардын санынын өсүшү (50%га чейин) |
| 2.2 | Ишкердиктин активдүүлүгүнүн өсүшү | Өткөн жылга салыштырмалуу жаңы жеке ишкерлердин санынын өсүү динамикасы, % | Жаңы жеке ишкерлердин санынын өсүү динамикасы жок | Жаңы жеке ишкерлердин санынын өсүү динамикасы (5%га чейин) | Жаңы жеке ишкерлердин санынын өсүү динамикасы (10%га чейин) | Жаңы жеке ишкерлердин санынын өсүү динамикасы (20%га чейин) | Жаңы жеке ишкерлердин санынын өсүү динамикасы (20%дан жогору) |
| 2.3 | Муниципалдык жерлер менен бирге | ММди натыйжалуу башкаруудан | Жергиликтүү бюджет- | Жергиликтүү бюджет- | Жергиликтүү бюджет- | Жергиликтүү бюджет- | Жергиликтүү бюджеттин |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | муниципалдык менчикти натыйжалуу башкаруу | жергиликтүү бюджетке түшкөн кирешелердин өсүү динамикасы, % | ке түшкөн кирешелердин өсүү динамикасы жок | тин кирешеси өсту (5%га) | тин кирешеси өсту (15%га) | тин кирешеси өсту (25%га) | кирешеси өсту (25%дан жогору) |
| 2.4 | Инвестицияларды тартуу үчүн шарттарды түзүү | Социалдык чөйрөгө тартылган инвестициялардын көлөмүнүн өсүү динамикасы | Социалдык инвестициялардын өсүү динамикасы жок | Социалдык инвестициялардын көлөмү өсту (5%га) | Социалдык инвестициялардын көлөмү өсту (10%га) | Социалдык инвестициялардын көлөмү өсту (20%га) | Социалдык инвестициялардын көлөмү өсту (20%дан жогору) |
| | Экономикалык маселелер боюнча индикаторлордун жыйынтык баасы: | | | | | | |
| 3 | Натыйжалуу финансылык башкаруу | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 3.1 | Чыгымдоо милдеттерин каржылоонун натыйжалуулук деңгээлин жогорулатуу | Жергиликтүү бюджеттин өздүк кирешесинин өсүшү (трансферттерден тышкары), % | Менчик кирешенин өсүш динамикасы жок | Менчик кирешенин өсүшү (10%га чейин) | Менчик кирешенин өсүшү (20%га чейин) | Менчик кирешенин өсүшү (30%га чейин) | Менчик кирешенин өсүшү (30%дан жогору) |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3.2 | Финансылык башкаруунун ачыктык деңгээлин жогорулатуу | Ачыктыкты камсыздоонун колдонулган механизмдеринин саны | Учурдагы бюджет, бюджеттин долбоору, бюджетти аткаруу, мамлекеттик органдар жүргүзгөн текшерүүлөрүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматты алуу мүмкүн эмес | Учурдагы бюджет, бюджеттин долбоору, бюджетти аткаруу, текшерүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматтын тактада илиниши (толук эмес) | Тактада маалыматтын болушу, БКСны иштеп чыгуу жана жайылтуу | Тактаper маалыматтын болушу, БКСны иштеп чыгуу жана жайылтуу, бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрүү | Тактоларда маалыматтын болушу, БКСны иштеп чыгуу жана жайылтуу, бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрүү (долбоор, аткаруу), жергиликтүү коомдоштуктардын керектөөлөрүн иликтөөнүн жыйынтыктары боюнча бюджетти |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | иштеп чыгуу |
| | Финансы индикаторлору боюнча жыйынтык баасы: | | | | | | |
| 4 | Чечим кабыл алуу процессине жарандардын катышуусу үчүн шарттарды түзүү | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 4.1 | Башкаруу маселелерине жарандарды тартуу деңгээли | Чечим кабыл алуу процесстери-не жарандарды тартуу боюнча иш-чаралардын өсүү динамикасы (айылдык жыйындар, коомдук угуулар, курултайлар ж.б.), % менен | Иш-чаралар өткө-рүлбөйт | Өткө-рүлгөн иш-чара-лардын саны өзгөр-гөн жок | Иш-чара-лардын саны көбөйдү (10%га чейин) | Иш-чара-лардын саны көбөйдү (20%га чейин) | Иш-чаралар-дын саны көбөйдү (20%дан жогору) |
| 4.2 | ЖӨБОнун карамагында- | ЖӨБОнун иши жөнүндө | Маалы-мат | Өткөрүп жиберүү | Маалы-мат | Өткөрүп жиберүү | Маалымат тактасы |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | гы маалыматты алууну камсыздоо деңгээли | калктын маалымдуулугунун деңгээли | тактасы жок | | тактасы бар, маалымат жаңыртылбайт | | жакшы абалда, маалымат жаңыртылып турат |
| | Калк менен өз ара аракеттенүү деңгээли боюнча индекаторлордун жыйынтык баасы: | | | | | | |
| 2. Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча критерийлер жана индикаторлор | | | | | | | |
| 5 | Экономиканы нүктүрүү үчүн шарттар ы түзүү | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 5.1 | Мамлекеттик жерлерди натыйжалуу башкаруу (АЧЖМФ + жайыттар) | Жерлерди калыбына келтирүүгө инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү, % | Инвестициялардын көлөмүнүн өсүү динамикасы жок | Инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү (10%га) | Инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү (20%га) | Инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү (30%га) | Инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү (30%дан жогору) |
| | Экономикалык маселелер боюнча индекаторлордун жыйынтык баасы: | | | | | | |
| | Айыл өкмөтүнүн ишинин жалпы баасы | | | | | | |

Эскертүү:

Калкынын саны аз кээ бир айыл өкмөтүндө (объективдүү себептер боюнча) болгон инфратүзүмдөр тийиштүү критерийлерге толук жооп бере албайт. Ушуга байланыштуу, критерийлердеги теңсиздикти теңдөө максатында комиссия мүчөлөрүндө арызда коюлуучу баллдын кэффициенттерин 1,5ке барабар жогорулатуу менен түзөтүү мүмкүнчүлүгү бар.

Ошол эле учурда критерий боюнча жалпы балл 5 баллдан жогору болбошу керек.

Бул коэффициент калкынын саны 5000 адамдан ашык эмес айыл өкмөттөрү үчүн, ошондой эле төмөнкү критерийлерди баалоо үчүн колдонулат:

- коомдук жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;
- тиричилик таштандыларды чогултуу, ташып чыгаруу жана утилдештирүүнү уюштуруу;
- муниципалдык менчикти натыйжалуу башкаруу.

Конкурстун жыйынтыгын чыгарууда айыл өкмөтүнүн өзгөчө шарттары (жаратылыштык-климаттык, алыстыгы) эске алынат жана ар бир баалоочу критерийлер боюнча түзөтүү коэффициеттери киргизилет.

## Сөздүк

ККЭТД - керектөөнүн кепилденген эң төмөнкү деңгээли
КЧ - кедейчиликтин чеги
КЭТЧ - кедейчиликтин эң төмөнкү чеги
ККЭТД - керектөөнүн кепилденген эң төмөнкү деңгээли
КТТ - катуу тиричилик таштандылары
БКС - бюджеттин кыска сүрөттөлүшү
АКБТ - айылдын керектөөлөрү менен бирге таанышуу
ЖӨБО - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары
АЧЖМФ - Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фонду
ММ - муниципалдык менчик